КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
НАРЗАН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
НАРЗАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-ж "05" октября №36 Беловодск айылы

Скважинаны Нарзан айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алуу жана «Таза Нарзан» муниципалдык ишканасына чарбалык жүргүзүүгө өткөрүп берүү жөнүндө

Нарзан айыл аймагынын калкын ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, муниципалдык мүлктү натыйжалуу пайдалануу жана талаптагыдай камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесин, Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренесин, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 227-беренесин жетекчиликке алып, ошондой эле Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестициялар, ишкердик ишмердүүлүк жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, скважинаны Нарзан айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алуу жана «Таза Нарзан» муниципалдык ишканасына чарбалык жүргүзүүгө өткөрүп берүү маселесин карап чыгып жана талкуулап, Нарзан айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Ак-Суу айылы, Токтогул көчөсү, н/ж дарегинде жайгашкан скважинаны Нарзан айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алынсын.
2. «Таза Нарзан» муниципалдык ишканасына чарбалык жүргүзүүгө кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык өткөрүлүп берилсин.
3. Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы ушул токтомдун аткарылышын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыз кылсын.
4. Ушул токтом каттоодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыялансын.
5. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоо үчүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн белгиленген тартипте жөнөтсүн.

6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестициялар, ишкердик ишмердүүлүк жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төраганын у.м.а. **А.Т.Урманбетов**